**2026-жылдын 05-мартындагы №45 Буйрукка**
**№1 Тиркеме**

Премиум-жазылуунун Эрежелери

**Терминдер жана аныктамалар**

| Термин | Аныктама |
|---|---|
| «O!Prime» Премиум-жазылуусу (Премиум-жазылуу) | Мобилдик тиркемеде жазылуу, ал Колдонуучуга Премиум-жазылуу колдонулган Мезгил ичинде акы төлөө менен төмөнкү мүмкүнчүлүктөрдү берет:<br>1. Мобилдик тиркеменин кошумча функцияларын колдонуу;<br>2. Мобилдик тиркемеде жеткиликтүү болгон белгилүү бир Сервистер боюнча Оператор тарабынан көрсөтүлүүчү Кызматтарга карата Көбөйтүлгөн лимиттерди колдонуу;<br>3. Премиум-жазылууну колдонуунун ар бир мезгилинин башында Оператор тарабынан сунушталган, алар үчүн Бонустар чегериле турган кызмат көрсөтүүлөрдүн эки кошумча категориясын тандоо мүмкүнчүлүгү;<br>4. Мобилдик тиркемеде жеткиликтүү болгон жана тизмеси Оператордун Сайтында жайгаштырылган Премиум-жазылуу эрежелеринде көрсөтүлгөн сервистердин пайдасына топтолгон Бонустар менен төлөө мүмкүнчүлүгү (жеке жактардын дарегине которууларды кошпогондо). |
| Оператор (Премиум-жазылууну сунуштаган компания) | «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсы |
| Колдонуучу | Ушул Офертада каралган иш-аракеттерди жасоо жолу менен Оператор менен Келишим түзгөн жана Мобилдик тиркемеде жеткиликтүү болгон лимиттердин, инструменттердин жана сервистердин алкагында финансылык транзакцияларды (төлөмдөрдү) жүргүзүү максатында Системаны колдонуу укугуна ээ болгон жеке жак |
| Мобилдик тиркеме (МТ) | «Мой О!» мобилдик тиркемеси, Android жана iOS операциялык системаларынын базасында (бирок алар менен чектелбестен) Системаны Колдонуучулар үчүн арналган программалык камсыздоо, ал төмөнкү максаттарда интернетке туташуу аркылуу Системада Премиум-жазылууну колдонууга мүмкүндүк берет: электрондук акчалар, байланган банктык карталар, төлөөчүнүн товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү жабдуучуда ачылган өздүк эсебине мурда салган каражаттарынын эсебинен ага кайтарылып берилүүчү акча каражаттар, аванстар/алдын ала төлөмдөр же алардын бөлүктөрү аркылуу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка Төлөм жүргүзүү ыкмалары жана инструменттери аркылуу финансылык транзакцияларды жүргүзүү, ошондой эле онлайн идентификациялоодон өтүүгө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка сервистерди колдонууга мүмкүндүк берет. Программалык |

| | |
|---|---|
| | камсыздоонун Колдонуучулар колдоно турган веб-версиясы болушу мүмкүн |
| Төлөм | Кыргыз Республикасынын төлөм системасы аркылуу финансылык маалыматты кабыл алуу, иштеп чыгуу жана берүү (процессинг, клиринг) жана андан ары накталай эмес эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча Системанын Оператору тарабынан кызмат көрсөтүү жолу менен акча каражаттарды берүү, ал кызмат көрсөтүүлөр, иштер, товарлар үчүн төлөө (анын ичинде аванстык төлөмдү төлөө) боюнча милдеттенмелерди аткаруу максатында Алуучунун же Жабдуучунун пайдасына Колдонуучу тарабынан ишке ашырылат. |
| Премиум-жазылууну колдонуу мөөнөтү | Эгерде Мобилдик тиркемеде түздөн-түз башка мөөнөт каралбаса, Премиум-жазылууну сатып алган күндөн кийинки күндөн тартып 30 (отуз) календардык күн, ал мөөнөттүн ичинде Системанын Колдонуучусу ушул Келишимде каралган шарттарда Премиум-жазылууну колдонуунун кийинки мезгилине автоматтык түрдө узартуу менен Мобилдик тиркеменин кошумча функцияларына жана Премиум-жазылууда каралган Көбөйтүлгөн лимиттерге жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Премиум-жазылуунун мөөнөтү үзгүлтүксүз болуп саналат жана Колдонуучунун Премиум-жазылууну сатып алууга жумшаган акча каражаттарын толук же жарым-жартылай кайтарып берүү мүмкүнчүлүгүсүз Премиум-жазылуу мөөнөтү аяктаганга чейин Колдонуучунун каалоосу боюнча кыскартылбайт |
| Сайт | Оператордун интернетте http://www.dengi.kg дареги боюнча жайгаштырылган жалпыга жеткиликтүү расмий веб-сайты, ал аркылуу Колдонуучу Офертанын шарттары, лимиттери менен тааныша алат |
| Тариф | Оператор тарабынан белгиленүүчү жана алынуучу Премиум-жазылуунун баасы, аны Колдонуучу Премиум-жазылуунун алкагында жеткиликтүү болгон Мобилдик тиркемедеги функциялардын же сервистердин белгилүү бир топтомун колдонуу мүмкүнчүлүгү Оператор тарабынан берилиши үчүн төлөөгө милдеттүү. Тарифтердин өлчөмү жөнүндө маалымат Мобилдик тиркемеде Премиум-жазылууну төлөө учурунда жеткиликтүү болот жана Оператор тарабынан бир тараптуу өзгөртүлүшү мүмкүн |
| Бонус | «Мой О!» тиркемеси аркылуу төлөм жүргүзүү менен жабдуучуда жүргүзүлгөн сатып алуунун наркынан кайтарылуучу кешбэктин (кийинкиге калтырылган арзандатуунун) суммасы. Бонустардын өлчөмү Колдонуучуга көрүнүп турат, аларды Колдонуучу жабдуучу менен макулдашылган белгилүү бир мөөнөт аяктагандан кийин колдоно алат. |

Премиум-жазылуунун бул Эрежелери (мындан ары – Эрежелер) Премиум-жазылууну уюштуруу жана иштөө тартибин регламенттейт.

Премиум-жазылуунун алкагында Оператордун жана Колдонуучулардын укуктары жана милдеттери, жоопкерчилиги, төлөм жүргүзүү жана Премиум-жазылууну сунуштоо тартиби Премиум-жазылуу сервисин колдонуу тууралуу келишим түзүү жөнүндө Оператордун Ачык офертасында каралган.

## 1. Премиум-жазылуунун жалпы жоболору.

1.1. Премиум-жазылуунун аталышы – «O!Prime».

1.2. Премиум-жазылууну колдонуу мөөнөтү: 30 календардык күн + жазылууга төлөө күнү (мисалы: төлөм 12.12.2025-ж. саат 12:59 төлөндү, жазылуу мөөнөтү 11.01.2026-ж. саат 12:58 аяктайт).
1.3. Премиум-жазылуунун баасы: бардык салыктарды эске алуу менен 199 (жүз токсон тогуз) сом.
1.4. Бонустарды чегерүү үчүн Төлөмдүн суммасынын минималдуу чеги: 100 (жүз) сом.
1.5. Оператор Колдонуучуга төмөнкү шарттарда Премиум-жазылуунун сыноо мезгилин (мындан ары – Сыноо мезгили) берүүгө укуктуу:
- Сыноо мезгилинин узактыгы – 30 (отуз) календардык күн;
- Премиум жазылуунун сыноо мезгилине баасы 30 (отуз) календардык күн үчүн бардык салыктарды эске алуу менен 1 (бир) сомду түзөт;
- Сыноо мезгили буга чейин активдүү O!Prime жазылуусу жок болгон Колдонуучуларга гана берилет;
- Сыноо мезгили бир Колдонуучуга бир гана жолу берилет, мурда кошулган Премиум-жазылуулардын бар/жок экендиги ИСН боюнча аныкталат;
- Сыноо мезгили аяктагандан кийин Премиум-жазылуу жалпы шарттарда, ар бир 30 календардык күн үчүн бардык салыктарды эске алуу менен 199 (жүз токсон тогуз) сом базалык нарк боюнча автоматтык түрдө узартылат, эгерде Колдонуучу Премиум-жазылууну автоматтык түрдө узартууну өчүрбөсө.

1.6. Премиум-жазылуунун мөөнөтүн узартуу: Премиум-жазылуунун мөөнөтүн узартуу үчүн Колдонуучу ушул Эрежелердин 1.3 пунктунда көрсөтүлгөн өлчөмдө төлөм жүргүзүшү керек же Мобилдик тиркемедеги функционалды колдонуу менен Премиум-жазылууну автоматтык түрдө узартууну орнотуп алышы керек. Колдонуучу Мобилдик тиркеменин тиешелүү бөлүмүндө автоматтык түрдө узартууну өчүрүү жолу менен Премиум-жазылуунун мөөнөтүн автоматтык түрдө узартуудан каалаган убакта баш тартууга укуктуу.
1.7. Премиум-жазылууну активдештирүү: Колдонуучудан акча каражаттар чыгарылган (төлөм жүргүзүлгөн) учурдан тартып жүзөгө ашырылат.
1.8. Премиум-жазылуу үчүн төлөө ыкмасы: жеткиликтүү төлөм булактарынан МТ аркылуу, Оператордун өнөктөштөрүнүн төлөмдөрдү кабыл алуу пункттарында.

## 2. Премиум-жазылууну сатып алууда Колдонуучуга берилүүчү артыкчылыктардын тизмеси.

2.1. МТ каталогунда төмөнкү категориялар боюнча сервистер үчүн комиссиясыз төлөө:
2.1.1. Мобилдик операторлор
2.1.2. Коммуналдык кызматтар
2.1.3. Байланыш
2.1.4. Интернет жана ТВ
2.1.5. Мамлекеттик төлөмдөр жана айыптар
2.1.6. Кошумча кызмат көрсөтүүлөр
2.1.7. Билим берүү
2.1.8. Такси
2.1.9. Жеткирүү кызматы
2.1.10. Соцтармактар жана интернет-оюндар
2.1.11. Бош убакыт
2.1.12. Сулуулук жана ден-соолук
2.1.13. Жарнама кызматтары
2.1.14. Кайрымдуулук иштер
2.1.15. Саякаттоо
2.1.16. Башка кызмат көрсөтүүлөр
2.2. Төмөнкү сервистер боюнча P2P которууларга жогорулатылган лимиттер:

| Сервистин аталышы | Премиум-жазылуусу жок оффлайн идентификацияланган Колдонуучулар үчүн календардык айда P2P которууларга лимит | Премиум-жазылуусу бар Колдонуучулар үчүн календардык айда P2P которууларга лимит |
|---|---|---|
| MBANK, телефон номери боюнча | 200 000 (бул топтун алкагында бардык сервистерге календардык айда жалпы жүгүртүүгө) | Электрондук капчыктар боюнча бекитилген лимиттердин алкагында |
| MBANK, эсептин номери боюнча | | |
| Компаньон Банк, эсептин номери боюнча | | |
| Элдик Банк, эсептин номери боюнча | | |
| Бай Түшүм Банкы, эсепти толуктоо | | |
| FINCA Банк, эсепти жана депозитти толуктоо | | |
| Optima24, телефон номери боюнча | | |
| Optima24, картанын номери боюнча | | |
| Элкарт, телефон номери боюнча | | |
| Элкарт, картанын номери боюнча | | |
| DemirBank, телефон номери боюнча | | |
| DemirBank, эсептин номери боюнча | | |
| KICB Элсом, телефон номери боюнча | | |
| Керемет Банк, карталарды толуктоо | | |
| Керемет Банк, эсепти толуктоо | | |
| ФинансКредитБанк, карталарды толуктоо | | |
| ФинансКредитБанк, эсептин номери боюнча | | |
| Dos Credobank, эсептин номери боюнча | | |
| Simbank, картанын номери боюнча | | |
| Simbank, телефон номери боюнча | | |
| Innopay Кыргызстан | | |
| cash2u – Электрондук капчыкты толуктоо | | |
| Umai | | |
| ElQR боюнча P2P которуулар | | |

2.3. Төлөм жүргүзүүдө Бонустарды чегерүү:
а) Оператордон:

| Аталышы | Премиум-жазылуусу жок Колдонуучулар үчүн Бонустардын өлчөмү | Премиум-жазылуусу бар Колдонуучулар үчүн Бонустардын өлчөмү |
|---|---|---|
| Оператордун жабдуучуларынын тармагында QR аркылуу | 0%* | 1%* |

б) «О!Банк» ААК өнөктөш-банктан:

| Аталышы | Премиум-жазылуусу жок Колдонуучулар үчүн Бонустардын өлчөмү | Премиум-жазылуусу бар Колдонуучулар үчүн Бонустардын өлчөмү |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| **О!Банк» төлөм карталарын колдонуу менен** | 0,5%** | 2%** |

** QR аркылуу төлөм жүргүзүүдө Колдонуучулар үчүн жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөн башка Бонустар берилүүчү жабдуучулардын тизмеси Оператор тарабынан өз алдынча аныкталат.*

*** **«О!Банк» ААК төлөм карталарын колдонуу менен төлөм** жүргүзүүдө Колдонуучулар үчүн жогорудагы таблицада көрсөтүлгөндөн башка Бонустар берилүүчү жабдуучулардын тизмеси Оператор тарабынан өз алдынча аныкталат.*

2.3.1. Бонустарды чегерүү эрежелери:

- Бонустарды чегерүү «О!Деньги» электрондук капчыгы жана/же «О!Банк» ААК төлөм картасы катталган Колдонуучунун телефон номери боюнча жүргүзүлөт.
- Төлөмдүн статусу ийгиликтүү болгон учурда гана Бонустар чегерилет.
- Төлөм үчүн Бонустарды чегерүү Төлөмдүн суммасы ушул Эрежелердин 1.4-пунктунда белгиленген минималдуу чекке барабар болгон же андан ашкан шартта жүргүзүлөт. Бул учурда Бонустарды чегерүү үчүн минималдуу чектен ашкан сумма эмес, мындай Төлөмдүн бардык суммасы эске алынат. Эгерде Төлөмдүн суммасы көрсөтүлгөн минималдуу чектен аз болсо, Бонустар чегерилбейт.
- Төлөм жокко чыгарылган учурда, бул Төлөм үчүн чегерилген Бонустар төмөнкү тартипте жокко чыгарылат:

1) Жокко чыгарылып жаткан Төлөм боюнча каражаттарды кайтаруунун алдында чегерилген Бонустарды кайтарууну тариздөө үчүн Колдонуучунун бонустук эсебиндеги Бонустардын жетиштүүлүгүн текшерүү.

2) Бонустар жетиштүү болгон учурда, жокко чыгарылган Төлөм боюнча чегерилген Бонустар эсептен чыгарылууга тийиш. Ал эми Бонустардын тарыхында сумма жокко чыгарылган чегерүү катары чийилиши керек.

3) Бонустар жетишсиз болгон учурда, жетпеген Бонустарды чыгарып салуу менен Төлөмдүн суммасын кайтарып берүү. Акчаны кайтарып бергенден кийин Колдонуучуга эмне үчүн Төлөм боюнча кайтарылган сумма Төлөмдүн суммасынан аз экенин түшүндүрүү менен ПУШ-билдирүүнү жөнөтүү.

2.3.2. Оператордун жана «О!Банк» өнөктөш банктын Бонустарын чегерүү боюнча чектөөлөр:

- Оператордун Бонустарын алуу боюнча лимит (QR төлөмдөр боюнча) - бир Колдонуучуга календардык айда 3000 Бонус.
- «О!Банк» ААК өнөктөш банкынын Бонустарын алуу боюнча лимит (KGS валютасындагы виртуалдык жана бизнес-карталарды кошпогондо, VISA карталары менен сатып алуулар үчүн) бир Колдонуучуга календардык айда 10 000 Бонус.

Эгерде Колдонуучу жогоруда көрсөтүлгөн лимиттерге жетсе, Бонустарды чегерүү токтотулат. Лимиттер бир календардык ай бою колдонулат. Бир календардык ай бүткөндө, ар бир календардык айдын биринчи числосунда саат 00:00дө Бонустук лимиттер нөлгө түшүрүлөт жана кайрадан саноо башталат.

- Төлөмдөрдү кабыл алуунун уникалдуу пунктунда Бонустар чегериле турган транзакциялардын саны боюнча лимит (бир sid/QR-код) – календардык сутка ичинде 4 транзакция. Төлөмдөрдү кабыл алуунун уникалдуу пунктунда календардык сутка ичинде 4 транзакциядан көп транзакция жүргүзүлгөн учурда, бешинчи жана андан кийинки транзакцияларга Бонустар чегерилбейт. Транзакциялардын санына лимит отчеттук сутканын саат 00:00:00 тартып 23:59:59 чейин колдонулат.
- Бир транзакция үчүн лимит: 200 Бонус.
- Бир суткадагы лимит: 1 000 Бонус. Эгерде Колдонуучу лимитке жетсе, Бонустарды чегерүү токтотулат. Лимит бир календардык суткага колдонулат, андан кийин Бонустарга лимит нөлгө түшүрүлөт жана кайрадан эсептөө башталат.

Бул пунтта көрсөтүлгөн бардык лимиттер Ачык офертада («Мой О!» мобилдик тиркемесинин колдонуучуларынын «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсынын Бонустук программасына катышуу жөнүндө сунушунда) да белгиленген лимиттердин чегинде суммаланат.
2.3.3. Топтолгон Бонустарды коротуу мүмкүнчүлүгү:

| Баяндоо | Премиум-жазылуусу жок Колдонуучулар үчүн | Премиум-жазылуусу бар Колдонуучулар үчүн |
|---|---|---|
| Бонустук программага катышкан жабдуучуларда QR аркылуу | + | + |
| Бонустук программага катыштаган жабдуучуларда QR аркылуу | - | + |
| Эрежелердин 2.1-пунктунда көрсөтүлгөн категориялардын тизмеси боюнча MT каталогунда (Эрежелердин 2.1.1-пп. бөлүгүндө – О! мобилдик оператору үчүн гана), ошондой эле eBay 10 USD, eBay 25 USD, eBay 50 USD сервистерин кошпогондо, Дүкөндөр категориясы боюнча | - | + |

2.4. О! мобилдик операторунун абоненттери үчүн кошумча 10 ГБ интернет жеткиликтүү.

## 3. Башка шарттар

3.1. Премиум-жазылууну Оператордун жана аны менен аффилирленген жактардын кызматкерлери жана өкүлдөрү сатып алууга укуктуу.
3.2. Премиум-жазылууну сатып алуу ыктыярдуу негизде гана жүргүзүлөт.
3.3. Премиум-жазылууну сатып алып жаткан Колдонуучулар Премиум-жазылууну сатып алуу менен байланышкан чыгымдарды, анын ичинде интернетке, шаардык, шаар аралык же мобилдик байланышка кеткен чыгымдарды, ошондой эле башка чыгымдарды өз алдынча төлөшөт жана аларды Операторго жүктөөгө укугу жок.